## Махабат жылдызы

Сөзү,обону: Мирланбек Давлатов
Аткаруучу: Мирланбек Давлатов

**Жаралган жан экенсиъ асыл заттан,**
**Жаныма жакшынакай атың жаккан.**
**Өзгөдөн көрктүү кылып, барктуу кылып,**
**Өзүңдү тагдыр мага жакындаткан.**

**Ырдасам көктө чыккан үнүмдөйсүң,**
**Ыргалып жыпар чачкан гүлүмдөйсүң.**
**Ойлосом келе калып көз алдыма,**
**Оштонтуп жазгы гүлдөй күлмүңдөйсүң.**

**Махабат жылдызы, махабат жылдызы**
**Махабат жылдызы сен.**
**Көңүлдү эргиткен, жүрөктү ээлеген**
**Сүйгөнщм сулуу кыз сен.**

**Ар күнү жайнап аткан таңым сенсиң,**
**Ар түнү жүз жарыткан шамым сенсиң.**
**Күлкүм да шаттыгымда шаңым сенсиң,**
**Күңкүйгөн саябандуу багым сенсиң.**

**Өмүрдү өргө сүрөөр максат болгон,**
**Өзүңдүн ысмын дилге сактап койгом.**
**Жщрөктүн кумар отун тутандырып,**
**Жүрө бер сен жаз бойдон жапжаш бойдон.**

**Кайырма:**

**2002-жыл**